**РСК БАНК**
Ачык акционердик коому

720021, Кыргыз Республикасы
Бишкек ш., Москва көч., 80/1
тел.: +996 312 58 01 16
тел/факс: +996 312 68 04 06

**РСК БАНК**
Открытое акционерное общество

720021, Кыргызская Республика
г. Бишкек, ул. Московская, 80/1
тел.: +996 312 58 01 16
тел/факс: +996 312 68 04 06

**Үчүнчү жактын (Балакай) пайдасына мөөнөттүү аманат эсеби боюнча №______ келишим**

Бишкек_ш. 20__жылдын “___”________

Мындан ары **“Банк”** деп аталуучу «РСК Банк» ААК 20__жылдын ____ **№ - ишеним каттын** негизинде аракеттенүүчү ________________________________________________________ аркылуу бир тараптан жана мындан ары **“Салуучу”** деп аталуучу _____паспорт ээси (аты-жөнү)____________башка тараптан, мындан ары **“Тараптар”** деп аталуу менен, төмөндөгүлөр тууралуу ушул **Келишимди** түздүк.

## 1. Келишимдин предмети

1.1. Б*анктык аманат эсебин ачуу үчүн арызда* көрсөтүлгөн жеке адамдын, мындан ары Аманатчы деп аталуучунун, пайдасына акча каражаттарын Б*анктык аманат эсебин ачуу үчүн арызда* ***(1-тиркеме)*** көрсөтүлгөн валютада жана суммада мөөнөттүү аманат эсеби формасындагы эсепке Салуучу өткөрүп берет, ал эми Банк кабыл алат, мында баштапкы салымдын минималдуу суммасы _______________сомду түзөт.

1.2. Банктык аманат эсебин ачуу жөнүндө арыз ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

1.3. Банктык аманаттын (депозиттин) мөөнөтү: _____ ай.

## 2. Жалпы шарттар

2.1. Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, аманатты тескөө (пайыздарды алуу, ушул шарттарга ылайык, эсепти мөөнөтүнөн мурда жабуу жана бардык негизги сумманы алып коюу, ж.б.) укугуна төмөндөгүлөр ээ:

2.1.1. Аманатчы 14 (он төрт) жашка чыкканга чейин эсеп ачышкан анын ата-энеси же мыйзамдуу өкүлү ошондой эле, эгерде бул Арызда көрсөтүлгөн болсо, башка ата-эне;

2.1.2. Аманатчы 14 (он төрт) жашка чыкканда – Аманатчы өзү.

2.2. Эсепти тейлөө боюнча өз укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн ата-энеси (мыйзамдуу өкүлдөрү) бул Келишимдин **2.1-пунктунун 2.1.1-пунктчасында** көрсөтүлгөн аракеттерди алардын атынан аткарууга башка адамга ишеним кат берүүгө укуктуу.

2.3. Эгерде Салуучу катары үчүнчү тарап аракеттенген болсо, Аманатчы (ал 14 жашка чыкканга чейин - ата-энеси (мыйзамдуу өкүлдөрү) Банкка өзү эсеп ээсинин укуктарына негизделген кандайдыр бир талаптарды койгонго чейин аманаттан баш тарта турган болсо, Салуучу аманатты кайрадан талап кылууга же өзүнүн атына которууга укуктуу.

2.4. Аманат боюнча кошумча салымдар ушул Келишимдин 1.3-пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөттө киргизилет, мында кошумча салымдар аманаттын мөөнөтү бүткөнгө чейинки 30 (отуз) календардык күндөн кечиктирилбестен кабыл алынат. Кошумча салымдын минималдуу суммасы _________.

2.5.Аманаттын  иштөө мөөнөтү ичинде эсеп боюнча суммаларды жарым-жартылай алуу жүргүзүлбөйт.

**3. Тараптардын укуктары жана милдеттери**

**3.1. <u>САЛУУЧУ ТӨМӨНДӨГҮЛӨРГӨ МИЛДЕТТЕНЕТ:</u>**

3.1.1. Банкка *ушул Келишимге* кол тамга коюлган күнү *Банктык аманатты ачууга арызда* көрсөтүлгөн суммaны мөнөттүү депозиттин формасында өткөрүп берүүгө;

3.1.2. *Ушул Келишимдин* иштөө мөөнөтүндө сумманы жарым-жартылай албоого.

3.1.3. Банктын талабы боюнча кайсы болбосун суралуучу маалыматтарды, Салуучунун өзүнө дагы, Аманатчыга да  тиешелүү документтерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Банктын ички жол-жоболоруна ылайык 3 күндүн ичинде берүүгө.

**3.2. АМАНАТЧЫ УШУЛ КЕЛИШИМДИН ШАРТТАРЫН КАБЫЛ АЛГАН УЧУРДА ТӨМӨНДӨГҮЛӨРГӨ МИЛДЕТТЕНЕТ:**

3.2.1. Аманаттын иштөө мөөнөтүндө сумманы жарым-жартылай албоого.

3.2.2. Банктын талабы боюнча кайсы болбосун суралуучу маалыматтарды, документтерди, ошондой эле **Аманатчынын** иш-аракетине жана ал тарабынан жүргүзүлүп жаткан операцияларга тиешелүү документтерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Банктын ички жол-жоболоруна ылайык 3 күндүн ичинде берүүгө.

3.2.3. Бул Келишимди аткарууда Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын жана ушул Келишимдин шарттарын аткарууга.

3.2.4. Он күндүн ичинде Банкка анын дареги жана / же телефон номери өзгөргөндүгү жөнүндө билдирүүгө.

**3.3. <u>АМАНАТЧЫ ТӨМӨНДӨГҮЛӨРГӨ УКУКТУУ:</u>**

3.3.1. Мөөнөт аяктары менен Аманаттын суммасын толук көлөмдө жана ал боюнча  кошуп эсептелинген пайыздарды талап кылууга;

3.3.2. Аманатты жана ал боюнча пайыздарды алууга башка адамга ишеним кат бергүүгө;

3.3.3. Аманатты мыйзам менен белгиленген тартипте мураска калтырууга.

**3.4. <u>БАНК ТӨМӨНДӨГҮЛӨРГӨ МИЛДЕТТЕНЕТ:</u>**

3.4.1 . Аманатчыга мөөнөттүү аманаттын шарттарында аманатты сактоо үчүн  эсеп ачууга;

3.4.2 . Аманат келип түшкөндө 3 (үч) жумуш күндүн ичинде Аманатчыга жана/же ата-энесине/мыйзамдуу өкүлдөрүнө анын депозит эсебине акча каражаттарынын келип түшкөндүгү тууралуу  (Салуучу тарабынан көрсөтүлгөн реквизиттер боюнча (дареги, телефон, электрондук почта, ж.б.) маалымдоого;

3.4.3 . Аманатка пайыздарды бул шарттардын **4-бөлүгүндө** аныкталган тартипте кошуп эсептөөгө;

3.4.4 . Акча каражаттарынын жана банктык купуя сырдын сакталышына кепилдик берүүгө.

3.4.5 . Мөөнөт аяктары төмөндөгүлөрдү төлөп берүүгө:

- аманаттын суммасын;

- аманат боюнча ай сайын кошуп эсептелинүүчү пайыздарды.

3.4.6 . *Ушул Келишимди* мөөнөтүнөн мурда бузууда жана аманатты алууда, ушул Келишимдин **4-бөлүгүнүн** шарттарына ылайык Аманатчыга пайыздарды төлөп берүүгө.

**3.5. <u>БАНК ТӨМӨНДӨГҮЛӨРГӨ УКУКТУУ:</u>**

3.5.1. Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен каралган учурларда, ошондой эле, Банк тарабынан өз милдеттенмелерин аткарууда, Банк Аманатчы, Аманатчынын иш-аракети тууралуу жана Аманатчыга ушул *Келишимине* ылайык Аманатчыга ачылган эсепке тиешелүү колундагы маалыматты берүүгө.

3.5.2. **Салуучу/Аманатчы тарабынан Банкка** ушул Келишимдин **3.1.3/3.2.2**-пунктунда каралган маалыматтарды сураган мөөнөттө бербеген же Террористтик иш-аракетти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы аракеттенүү маселесин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен каралган башка учурларда, алдын ала кабарлоо жиберүүсүз эле, Аманатчынын эсеби боюнча операцияларды жүргүзүүнү токтотууга же бир календардык ай ичинде Салуучуга/Аманатчыга кабарлоо менен ушул *Келишимди* бир тараптуу бузууга жана эсепти жабууга укуктуу.

3.5.3. Учурдагы Тарифтерди бир тараптуу өзгөртүүгө жана / же жаңы Тарифтерди белгилөөгө (аманаттардын (депозиттердин) пайыздык ченин). Учурдагы Тарифтерди өзгөртүүдө жана / же жаңы Тарифтерди белгилөөдө, Банк бул кызматтарды көрсөтүүчү Банктын кеңселерине же Банктын www.rsk.kg расмий сайтына маалымат жайгаштыруу аркылуу Аманатчыга билдирүүгө милдеттенет. Салуучу / Аманатчы жаңы Тарифтерди өзгөрткөндөн жана/ же белгилегенден кийин, депозит боюнча операцияларды жүргүзгөндө, Банк көрсөткөн кызматтар үчүн төлөм ошол күнү күчүндө болгон Тарифтер тарабынан белгиленген өлчөмдө алынат дегенге макул.

3.5.4. Аманатчынын эсебине ката чегерилген акча каражаттарын талашсыз тартипте эсептен чыгаруу.

3.5.5. Аманатчынын эсебинин номерин өзгөртүүгө алып келүүчү объективдүү жагдайлар болгондо, Амантчыга бул тууралуу билдирүү менен эсептин номерин өзгөртүү.

3.5.6. Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарына өзгөртүүлөр киргизилген учурда, Аманатчыдан кошумча документтерди жана маалыматтарды берүүнү талап кылууга.

## 4. Аманат боюнча пайыздарды кошуп эсептөөнүн тартиби

4.1. Ушул *Келишимди* колдонуунун биринчи жылында аманат боюнча пайыздарды кошуп эсептөө *Банктык аманатты ачууга арызда* көрсөтүлгөн өлчөмдө, жыл сайын пайыздарды топтоо жана аманаттын мөөнөтү келип жеткенде аларды төлөө менен жүргүзүлөт.

4.2. Аманатчы аманаттын (депозит) суммасы аманаттын мөөнөтү аяктаган күнү талап этилбеген болсо, анда Келишим мөөнөттүү банктык аманат (депозит) шартында улантылган болуп эсептелет.

4.3. Келишимди колдонуунун акыркы толук жылынын аякташынан тартып Аманатчынын жашы жеткенге чейинки мезгил аралыгында пайыздарды кошуп эсептөө Банкта кошуп эсептөө учуруна карата колдонулуучу талап боюнча чен менен жүргүзүлөт.

4.4. Аманаттарды мөөнөтүнөн мурда алууда кошуп эсептелген пайыздар ушул *Келишимди* бузуу мөөнөтүнө карата колдонуудагы талап боюнча чен менен кайра эсептелүүгө таандык.

4.5. Банктык аманаттын суммасына жана кошумча төлөмдөрдүн суммасына пайыздар Банкка акча каражаттары келип түшкөндөн кийинки күндөн тартып, аларды Аманатчы ала тургандан бир күн эрте мөөнөткө чейин, ал эми Аманатчы аманаттын суммасын аманаттын мөөнөтү аяктаган күнү албаган болсо, анда аманаттын мөөнөтү аяктаган күнгө чейин кошуп эсептелинет. Пайыздарды кошуп эсептөөдө

жылдын узактыгы ошол жыл ичинде пайыздар кошуп эсептелинген иш жүзүндөгү дал келген күндөр, ал эми айдын узактыгы ошол ай ичинде пайыздар кошуп эсептелинген иш жүзүндөгү дал келген күндөр кабыл алынат.

## 5. Тараптардын жоопкерчилиги.

5.1. Бул Келишим боюнча алынган милдеттенмелерди бузгандыгы үчүн Тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

5.2. Тараптар форс-мажордук жагдайлар (форс-мажорлор) учурунда ушул Келишим боюнча алынган милдеттенмелерди аткарбаганы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат, булар: табигый кырсыктар, өрт, суу ташкындары, массалык баш аламандыктар, иш таштоолор, согуш аракеттери, Тараптардын бири үчүн милдеттүү болгон, ушул Келишимде көрсөтүлгөн иштерге түз же кыйыр түрдө тыюу салган же Тараптардын ушул Келишимге ылайык өздөрүнүн милдеттенмелерин аткаруусуна тоскоол болгон башка жагдайлардан улам келип чыккан мыйзам актыларынын, бийлик жана башкаруу органдарынын актыларынын күчүнө кириши.

5.3. Бул Келишим боюнча милдеттенмелерди аткарууга тоскоолдук кылган форс-мажордук жагдайлардын башталышы жөнүндө эки Тарап тең эки банктык күндүн ичинде бири-бирине жазуу жүзүндө билдирүүгө, ошондой эле, форс-мажордук кырдаалдын кесепеттерин мүмкүн болушунча тезирээк четтетүүгө тийиш.

5.4. Форс-мажордук жагдайларга таянган тарап аларды ырастоо үчүн компетенттүү мамлекеттик органдын документин берүүгө милдеттүү.

## 6. Кошумча шарттар

6.1. Ушул Келишим менен каралбаган башка салыктарды (жыйымдарды, алымдарды (пошлина)) кармоо зарыл болгон учурда, Банк Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын жетекчиликке алат.

6.2. Көрсөтүлүүчү тейлөө кызматтарына тарифтер өзгөрө турган болсо, Аманатчы жаңы тарифтерди киргизүүгө чейинки он банктык күндөн кечиктирбестен Банктын маалымат такталарына илинген жана Банктын www.rsk.kg дарек боюнча расмий сайтында жарыяланган маалыматтар менен кабардар болот.

6.3. Аманатчы тарабынан ушул *Келишим* жоготулган болсо, аманат аманатты алуу тууралуу арыздын жана Банктын Операциялар башкармалыгынын башчысынын/филиалдын директорунун/сактык кассасынын башчысынын кат жүзүндөгү уруксатынын негизинде берилет.

6.4. Бул Келишим Тараптар тарабынан *ушул Келишимге* жана *Банктык аманат эсебин ачуу арызына* кол тамга коюлган учурдан тартып күчүнө кирет жана эсепти жабуу, депозит боюнча негизги сумманы жана пайыздарды төлөө мөөнөтүнө чейин же болбосо Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык Аманатчынын эсебинен акча каражаттарын эсептен чыгаруу жана эсепти жабуу үчүн негиз болуп саналган башка окуялар орун алганга чейин колдонууда болот. Келишимди мөөнөтүнөн мурда бузууда Аманатчы бул тууралуу Банкка 2 (эки) жумуш күндөн кечиктирбестен эскертет.

6.5. Аманатчынын мураскорлору Банкка кайрылганда, аманаттын суммасы аларга үлүшүнө жараша төлөнөт.

6.6. Эгерде мураскорлордун бири аманаттын мөөнөтү бүткөнгө чейин негизги карыздын суммасын жана ага пайыздарды төлөө боюнча талаптарды койгон учурда, бардык мураскорлордун салымынын үлүшү боюнча пайыздар талап кылынган депозиттер үчүн Банкта белгиленген учурдагы чен боюнча төлөнөт.

6.7. Эгерде мураскорлордун бири аманаттын мөөнөтү аяктагандан кийин негизги карыздын суммасын жана ага пайыздарды төлөө боюнча талап койсо, бул мураскордун салымынын үлүшүнө пайыздар, ошондой эле башка бардык мураскорлор (алар бар болгон учурда) Банктык аманатты ачуу үчүн арызда белгиленген чен боюнча төлөнөт.

6.8. Банктык аманаттын суммасы, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, *"Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө"* Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте, өлчөмдөрдө жана шарттарда корголууга тийиш.

6.9. Аманатчынын Банк тарабынан бул Келишимдин **3.5.2-пунктуна** ылайык тартипте бир тараптуу жабылган эсеби боюнча акча каражаттарынын калдыгы Аманатчыга Банкта белгиленген тартипте берилет.

6.10. Бул Келишимди Тараптардын биринин талабы боюнча соттук тартипте токтотуу төмөнкү учурларда болушу мүмкүн:

6.10.1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында же Банктык кызмат көрсөтүүлөр рыногунун абалында олуттуу өзгөрүүлөрдөн улам бул Тарап ушул Келишимди же ага кошумча келишимдерди түзүүдө таянууга укуктуу болгон нерселерден кыйла ажырап калганда;

6.10.2. Ушул Келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка негиздер боюнча.

6.11. Бул келишим боюнча же ага байланыштуу келип чыгышы мүмкүн болгон бардык талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер тараптар тарабынан сүйлөшүү жолу менен же доо тартибинде чечилет. Эгерде аларды сүйлөшүү жолу менен чечүү мүмкүн болбосо, талаштар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана ушул Келишимге ылайык сот тартибинде чечилет.

## 7. Тараптардын реквизиттери:

| **«РСК БАНК» ААК** | **Аманатчы** | **Салуучу** (бул графа эгерде Аманатчынын наамына үчүнчү тарап тарабынан аманат эсеби ачылса толтурулат) |
|---|---|---|
| ____________________________<br>__________<br>____________________________<br>__________<br>СИН: ____________________________<br>БИК: ____________________________<br>Кол тамга__________________<br>20__ ж «____» _______________ | Аты-жөнү ______________<br>___________________________<br>___________________________<br>Туулган жылы:<br>Дареги,<br>тел.:_______________________<br>Кол тамга_________________<br>20__ ж. «____» ___________ | Аты-жөнү ______________<br>___________________________<br>___________________________<br>Туулган жылы<br>Дареги,<br>тел.:___ ___________________<br>Кол тамга_ ________________<br>20__ ж. «____» ____________ |

***Үчүнчү жактын пайдасына (Балакай) мөөнөттүү аманат боюнча Келишимге 1-тиркеме***

**"РСК Банк" ААКда банктык аманат эсебин ачууга арыз**

Дата 20 ___жылдын ____ _______________

Аманаттын түрү: мөөнөттүү
**Аманаттын мөөнөтү** _________ (ай), аманаттыни мөөнөтү бүткөн 20___ ___ ______ күн ___ менен.

**Пайыздык чен** жылдык______%, аманаттын мөөнөтү бүткөндөн кийин кошуп эсептелген пайыздарды төлөө менен, _______

**Банктык аманаттын валютасы _______________________**

**Банктык аманаттын суммасы _______________________**

Банктык депозиттин суммасы жазуу менен
______________________________________________________________________

Ааманатчы  Банкка **төмөндөгү суммадан жогору** сумманы алууга чейинки бир күн мурда эскертет ________________

Келишим түзүлгөн учурда колдонуудагы Банктын белгиленген тарифтери  өлчөмүндө Аманатчы тарабынан төлөнүүчү Банктын төмөндөгү операцияларын эске алуу менен натыйжалуу (эффективдүү) пайыздык чен: (натыйжалуу пайыздык чен - бул аманат боюнча чен, мында аманатчыга Банкка акча салуудан ала турган реалдуу кирешесин баалоого мүмкүндүк берилет. Бул пайыздын капитализациясын эсепке алат, ошондуктан депозит боюнча маалыматта көрсөтүлгөн номиналдык пайыздык ченден ар дайым бир аз ашыкча болуп турат):

_____________________________ __________________
_____________________________ __________________
_____________________________ __________________
_________________________________________ _______
жылдык ______________% түзөт

Бул пунктта натыйжалуу пайыздык чендин өлчөмү келишимге кол коюу учурунда тараптар тарабынан аныкталган.
Мында тараптар натыйжалуу пайыздык чендин өлчөмү Банктын тарифтери өзгөргөндө, ошондой эле, аны эсептөөгө таасир этиши мүмкүн болгон башка учурларда өзгөрүшү мүмкүн деген макулдукка келишти. Мында, натыйжалуу пайыздык чендин жаңы өлчөмү Аманатчынын талабы боюнча Банк тарабынан эсептелиши мүмкүн. Депозиттер боюнча пайыздарды эсептөө жана кошуп эсептөө тартиби ошол бойдон калгандыгын жана Келишимде эффективдүү пайыздык ченди көрсөтүү маалымат үчүн гана боло турганын назарыңыздарды бурабыз.

**Салуучу жөнүндө (ишенимдүү адам / мыйзамдуу өкүл) маалыматтар:**

Аты-жөнү: ______________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________________
________

________________
Туулган датасы (кк / мм /жж.) __ -__ - ____ Туулган жери __________________________________________
Жарандыгы _____________________________________
Өздүгүн тастыктаган документтин маалыматтары: ___________________________________________________
(аталышы, сериясы, номери)

Ким тарабынан жана качан берилген:
___________________________________________________________________________
Толук дарек__________________________________________________
(туруктуу жашаган жери / каттоосу)

Почта индекси: _________________
Телефон / факс / электрондук почта почта: _________________________________
Иштеген жери жана кызматы / ишинин түрү:
__________________________________________________________
Убактылуу жашаган жеринин толук дареги: ______________________________________________________
Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери же социалдык коргоо күбөлүгүнүн номери______________________________________________

(эгер бар болсо)
_________________________________________________________________________________________

(Чет өлкөлүк жарандын же жарандыгы жок адамдын Кыргыз Республикасында болууга (жашоого) укугун тастыктаган документтин маалыматтары)
____________________________________________________________________________

Банк менен ишкердик мамилелердин максаты жана болжолдуу мүнөзү
________________________________________

Белгилөө үчүн:
______________________________________________________________________________________

**Аманатчы жөнүндө маалыматтар:**

Аты-жөнү: ____________________________________________________________________________________
Туулган датасы (кк / мм / жжжж.) __ -__ - ____ Туулган жери
___________________________________________
Жарандыгы _______________________________________
Өздүгүн тастыктаган документтин маалыматтары: ___________________ _____________________
(аты-жөнү, сериясы, номери)

Ким тарабынан жана качан берилген:
__________________________________________________________________

Толук дарек_______________________________________________________
(туруктуу жашаган жери / каттоосу)

Почта индекси: __________________
Телефон / факс / электрондук почта почта: _____________________________________
Иштеген жери жана кызматы / кызматынын түрү:
____________________________________________________________
Убактылуу жашаган жеринин толук дареги: ____________ ________________________________________________
Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери же социалдык коргоо күбөлүгүнүн номери
____________________________________________________

(эгер бар болсо)
_______________________________________________________________________________________________
_

(Чет өлкөлүк жарандын же жарандыгы жок адамдын Кыргыз Республикасында болууга (жашоого) укугун тастыктаган документтин маалыматтары)
_______________________________________________________________________________

Банк менен ишкердик мамилелердин максаты жана болжолдуу мүнөздөмөсү
________________________________________

Белгилөө үчүн:
______________________________________________________________________________________

**14 жашка чейинки жашы жете элек өспүрүмдүн пайдасына аманат боюнча кошумча маалыматтар:**
Төмөнкү адамдар Аманатчы 14 жашка чыкканга чейин ушул аманатты жашы жете элек өспүрүмдүн пайдасына тескеп турат:

| | | |
|---|---|---|
| Кайсы болсун ата-эне, экинчи ата-эненин макулдугусуз | Аманатты ачкан ата-эне, ошондой эле башка ата-эне аманатты ачкан ата-эненин макулдугу менен | Аманатты ачкан ата-эне / мыйзамдуу өкүл гана |
| Кол тамга____________ | Колу тамга___________ | Кол тамга ___________ |

**Мен банктык аманаттын шарттары жана Банктын тарифтери менен тааныштым жана макулмун:**
__________________ (кол тамга)

Аманатчынын / Ишенимдүү адамдын / Салуучунун толук аты-жөнү _______________________ _________ (кол тамга)
---------------------------------------------- ---------------------------------------------- ---------------------------------------
---

**БАНКТЫН БЕЛГИЛЕРИ**

------------------------------------------------ ------------------------------------------------

Мөөнөттүү аманат эсебинин № ________________________________________________________________

Акчанын (валютанын) аталышы __________________________________________________________

**Тараптардын реквизиттери:**

| «РСК БАНК» ААК | Аманатчы | Салуучу |
| --- | --- | --- |
| _____________________________<br>_____________________________<br>СИН: _____________________________<br>БИК: _____________________________<br><br>Кол тамга__________________<br>20__ ж «____» _______________ | Аты-жөнү ______________<br>_________________________<br>_________________________<br><br>Туулган жылы:<br>Дареги, тел.:_____________________<br>Кол тамга_________________<br><br>20__ ж. «____» ____________ | Аты-жөнү ______________<br>_________________________<br>_________________________<br>Туулган жылы__________________<br><br>Дареги, тел.:______________________<br><br>Кол тамга_________________<br><br>20__ ж. «____» ____________ |